**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Т.У. Шайназаровдун 2025-жыл үчүн

## Шайлоолорду, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү практикасы, шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу, шайлоо мыйзамдарын жана аларды өркүндөтүү боюнча мыйзамдык сунуштарды аткаруу чаралары жөнүндө

# БАЯНДАМАСЫ

**Бишкек – 2026**

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АМС | Автоматташтырылган маалыматтык система |
| АШК | Аймактык шайлоо комиссиясы |
| АЭУ | Автоматтык эсептөөчү урна |
| ЕК ПА | Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы |
| ЕККУ ДИАУБ | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу |
| ЕККУ ПА | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Парламенттик Ассамблеясы |
| ЖККУ ПА | Жамааттык коопсуздук келишими уюмунун Парламенттик Ассамблеясы |
| ИКУ | Ислам кызматташтык уюму |
| КМШ | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| КМШ ПАА | КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы |
| КР БШК | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы |
| КР ЖК | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| КР ТИМ | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| КТТ | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу |
| МТББ | ИИМдин Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгы |
| МШС | Маалыматтык шайлоо системасы |
| ОШК | Округдук шайлоо комиссиясы |
| ПИТ | Принтери бар идентификациялоочу түзүлүш |
| ТМУ | Түрк мамлекеттер уюму |
| ТүркПА | Түрк мамлекеттеринин Парламенттик Ассамблеясы |
| УШК | Участкалык шайлоо комиссиясы |
| ШКУ | Шанхай кызматташтык уюму |
| ЫАКТ | Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топ |

**МАЗМУНУ**

## 1-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ


1.1. Шайлоо округдарын жана шайлоо комиссияларын түзүү

1.2. Шайлоочулардын тизмесин түзүү жана актуалдаштыруу

1.3. Шайлоо процессин техникалык жактан жабдуу

1.4. Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо

1.5. Шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт

1.6. Аралыктан добуш берүү

1.7. Майыптыгы бар адамдардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу

1.8. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү

1.9. Чет өлкөдө добуш берүү

1.10. Шайлоону каржылоо, шайлоо фонддору

1.11. Эл аралык кызматташтык жана шайлоого байкоо жүргүзүү

1.12. Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

1.13. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо


## 2-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ


2.1. Талапкерлерди жана саясий партиялардын өкүлдөрүн укуктук агартуу

2.2. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуу

2.3. Шайлоо процессинде гендердик теңчиликти камсыз  кылуу

2.4. Жаштардын электоралдык сабаттуулугун жогорулатуу

2.5. Ысык-Көл эл аралык электоралдык форуму


## 3-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУ ПРАКТИКАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАМАЛАР


3.1. Шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү

3.2. Шайлоо процессин өркүндөтүү

3.3. Автоматташтырылган маалыматтык системаларды модернизациялоо

**Урматтуу Төрага!**

**Урматтуу депутаттар!**

Шайлоо ар бир мамлекеттин турмушундагы негизги окуя жана анын саясий системасынын туруктуулугунун көрсөткүчү болуп саналат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасында мыйзам деңгээлинде жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруусун камсыз кылуучу укуктук жана уюштуруучулук негиздер түзүлгөн.

2025-жылдын 30-ноябрында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен белгиленген жаңы укуктук шарттардын, ошондой эле аралыктан добуш берүү практикасынын комплекстүү сыноосу болду.

Мажоритардык шайлоо системасына өтүү уюштуруу-процедуралык иш-чараларды олуттуу өзгөртүүнү талап кылды. Шайлоо иш-чараларынын мөөнөттөрү үчтөн бирге кыскарып, шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө эки ай убакыт берилди.

Борбордук шайлоо комиссиясы кыска мөөнөттө шайлоону уюштурууну жана добуш берүү тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга зарыл өзгөртүүлөрдү киргизип, шайлоочуларды онлайн биометрикалык идентификациялоо үчүн жаңы жабдууну сыноодон өткөрдү.

30 көп мандаттуу шайлоо округдары жана округдук шайлоо комиссиялары түзүлүп, округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын 26 миңден ашык мүчөсү окутулду.

Бул шайлоону өз убагында жана сапаттуу даярдоону камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берди.

Негизги жыйынтыктарга өзүнчө токтоло кетейин.

Биринчиден, Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо аралыктан добуш берүү колдонулду. Аны 190 миңден ашуун жаран, башкача айтканда, добуш берген ар бир сегизинчи шайлоочу колдонду. Мунун натыйжасында Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнү өзүнүн шайлоо участогунан тышкары, анын ичинде чет өлкөдө жүргөн жарандарга шайлоого катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды.

Экинчиден, шайлоо участокторунда бюллетенди басып чыгаруу функциясы бар шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоо түзүлүштөрүн колдонуу - добуш берүүнүн ачык-айкындуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылды. Сактоо жана жеткирүү зарылдыгы жокко чыгарылып, бюллетень ар бир шайлоочу үчүн ордунда даярдалып, басылып берилди.

Үчүнчүдөн, чет өлкөдөгү шайлоо участокторунун саны дээрлик эки эсе (59дан 100гө чейин) көбөйдү. Бул 34 өлкөдө убактылуу жашап жаткан көптөгөн жарандарыбызга өзүнүн шайлоо укугун пайдаланууга мүмкүндүк берди. Эгер 2021-жылдагы парламенттик шайлоодо болгону 9 826 адам добуш берсе, 2025-жылы 26 066 адам добуш берди. Чет өлкөдөгү жарандардын шайлоого катышуусу 2,5 эсе өстү.

Төртүнчүдөн, Жогорку Кеңеште аял депутаттардын үлүшү 34,4 пайызды түздү, бул мурдагы чакырылыштагы көрсөткүчтөн 13,3 пайыздык пунктка жогору. Борбордук шайлоо комиссиясы гендердик квота талаптарынын аткарылышын жана мыйзам чыгаруу бийлигиндеги аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылды.

Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү эл аралык жана жергиликтүү байкоочулардын назарында болду. Шайлоого аккредитацияланган эл аралык байкоочулардын саны 788ге жетти, алар – жакынкы жана алыскы 58 чет мамлекеттин өкүлдөрү болду.

Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин, Шанхай кызматташтык уюмунун, Түрк мамлекеттер уюмунун жана Ислам кызматташтык уюмунун байкоочулар миссиялары мөөнөтүнөн мурда шайлоонун даярдалышына жана өткөрүлүшүнө жогору баа беришти.

Аралыктан добуш берүүнү колдонуу, добуш берүүнү уюштурууда жана добуштарды саноодо заманбап технологияларды пайдалануу, ошондой эле инклюзивдүүлүктү жана гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча чаралар өзгөчө белгиленди.

Урматтуу депутаттар!

Сиздердин назарыңыздарга сунушталып жаткан баяндама Борбордук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун даярдалышы жана өткөрүлүшү жөнүндө кеңири маалыматтарды, шайлоо мыйзамдарын андан ары өркүндөтүү боюнча сунуштарды жана аларды колдонуу практикасын камтыйт.

Көңүл бурганыңыздар үчүн ыраазычылык билдирем.

**Урматтоо менен,**

**Кыргыз Республикасынын**

**Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча**

**борбордук комиссиясынын төрагасы Т.У. Шайназаров**

# 1-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

Жетинчи чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (КР ЖК) өзүн-өзү таркатуу жөнүндө чечими[1] 2025-жылдын 30-ноябрында КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү үчүн негиз болду. Мөөнөтүнөн мурда шайлоо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык принципиалдуу жаңы укуктук шарттарда өткөрүлдү.

Пропорционалдуу-мажоритардык шайлоо системасынан мажоритардык системага өтүүнүн негизги өзгөчөлүгү – бул 30 көп мандаттуу шайлоо округунун ар биринен үчтөн депутаттын, жалпысынан 90 депутаттын беш жылдык мөөнөткө шайланышы болду. Жаңы система кыска мөөнөттө шайлоонун уюштуруу түзүмүн өзгөртүүнү талап кылды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы № 272 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планы бекитилди.




[1] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2025-жылдын 25-сентябрындагы № 3548-VII “VII чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өзүн-өзү таркатуусу жөнүндө” токтому

## 1.1. Шайлоо округдарын жана шайлоо комиссияларын түзүү

2025-жылдын 1-октябрындагы № 88 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодогу шайлоо округдарынын схемасы жана чек аралары жөнүндө” токтому менен КР БШК 30 көп мандаттуу шайлоо округунун схемаларын жана чек араларын бекитти.

Ар бир округда шайлоочулардын саны өкүлчүлүктүн орточо ченеминен 20 пайыздан ашпаган айырма менен 140 миңге жакын жаранды түздү.

Башка токтом[2] менен тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) мүчөлөрүнүн ичинен 30 округдук шайлоо комиссиясынын (ОШК) курамдары бекитилди. Жалпысынан шайлоого ОШКнын 437 мүчөсү тартылды.




2619 шайлоо участогу, 25 898 адамдан турган участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) түзүлдү, анын ичинен:

- КРнын аймагында – 24 995 мүчөдөн турган 2492 УШК;
- чет өлкөлөрдөгү мекемелерде – 681 мүчөдөн турган 100 УШК;

---

[2] Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 1-октябрындагы № 90 “2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине 30 округдук шайлоо комиссияларынын курамдарын бекитүү жөнүндө” токтому

- аралыктан добуш берүү үчүн – 222 мүчөдөн турган 27 УШК.

Шайлоо процессиндеги укуктук жана уюштуруу-технологиялык өзгөрүүлөр шайлоо комиссияларынын бардык курамын комплекстүү даярдоону талап кылды. Ушуга байланыштуу КР БШК ОШКлардын жана УШКлардын 26 минден ашык мүчөсүн камтыган окутуунун каскаддык моделин ишке ашырды.

Офлайн форматта 68 тренер жана ОШКлардын мүчөлөрү окуудан өтүп, өз кезегинде алар 2492 УШК мүчөлөрү үчүн семинарларды өткөрүштү.

Онлайн форматта окутуу УШКлардын 6817 мүчөсү – **принтери бар идентификациялоочу түзүлүштүн (ПИТ)** операторлору, чет өлкөлөрдөгү УШКлардын 200 мүчөсү жана өлкөнүн ичиндеги кошумча участоктордогу УШКлардын 222 мүчөсү үчүн уюштурулду.

Шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсүнө шайлоо укугунун ченемдери боюнча маалыматтык жыйнакты камтыган окуу-методикалык материалдардын топтому берилди.




## 1.2. Шайлоочулардын тизмесин түзүү жана актуалдаштыруу

Шайлоочулардын алдын ала тизмелери Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринде (КБМР) камтылган жеке маалыматтардын негизинде 18 жашка толгон жана биометрикалык каттоодон өткөн жарандар жөнүндө маалыматтарды автоматтык түрдө жүктөп алуу жолу менен түзүлдү. Округдар жана участоктор боюнча тизмелер “Тизме” мамлекеттик порталында (tizme.gov.kg) жайгаштырылды.

“Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму” автоматташтырылган маалыматтык системасы (АМС) жана “Тизме” порталы жарандарга өз маалыматтарын онлайн режимде, анын ичинде “Шайлоочунун кабинети” сервиси аркылуу өз алдынча текшерүү жана тактоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды. Бул участкалык шайлоо комиссияларына болгон административдик жүктү азайтты жана көрсөтүлгөн кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатты. Шайлоочулардын акыркы тизмесине **4 294 243** жаран киргизилди, алардын ичинен эркектер – **2 081 514** (48,5%), аялдар – **2 212 729** (51,5%). 18 жаштан 35 жашка чейинки жаштардын үлүшү шайлоочулардын жалпы санынан **1 812 544** адамды (42,2%) түзүп, алардын ичинен **104 693** адам биринчи жолу парламенттик шайлоого катышты.



## 1.3. Шайлоо процессин техникалык жактан жабдуу

2025-жылы КР БШК шайлоолордун ачык-айкындыгын жогорулаткан жана жарандардын шайлоого катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен бир катар технологиялык жана уюштуруучулук чечимдерди ишке ашырды.

Портативдүү ПИТ аркылуу шайлоочуларды онлайн идентификациялоо корголгон байланыш каналы менен айкалышта өлкө боюнча биринчи жолу реалдуу убакыт режиминде биометрикалык идентификацияны колдонуу менен ПИТти толук масштабда ишке киргизүүгө мүмкүнчүлүк берди.




ПИТти колдонуу шайлоочуларды тейлөө убактысын кыскартып, техникалык бузулуулардын ыктымалдыгын азайтты жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутууну жеңилдетти.

2025-жылга чейин бюллетендер шайлоочулардын жалпы санына карата борборлоштурулуп, 0,1% резерв менен даярдалчу. 2021-жылдагы КР ЖК депутаттарын шайлоодо 3,7 миллиондон ашык бюллетень басып чыгарылып, иш жүзүндө 1,3 миллионго жакыны колдонулган, ал эми калган 2,4 миллиону комиссиялык түрдө жок кылынууга тийиш болгон. Түздөн-түз өндүрүштүк чыгымдардан тышкары мамлекет нусканы ташууга, күзөтүүгө жана коштоого кеткен чыгымдарды көтөргөн.

2025-жылдагы КР ЖК депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо **бюллетень** шайлоочу биометрикалык идентификациядан ийгиликтүү өткөндөн кийин **түздөн-түз шайлоо участогунда ПИТ аркылуу басып чыгарылды**. Басып чыгарылган бюллетендердин саны биометрикалык идентификациядан өткөндөрдүн санына толук дал келген.

Онлайн биометрикалык идентификациялоо жарандарга кайсы шайлоо округунда катталганына карабастан тиешелүү округдун шайлоо

бюллетенин автоматтык түрдө басып чыгаруу менен **иш жүзүндө жашаган жери боюнча** добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды. Ошону менен бирге добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо, жеке маалыматтарды коргоо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын туура түзүү камсыз кылынды.

Автономдуу (локалдык) идентификациялоодон тышкары онлайн формат шайлоочулардын маалыматтарын мамлекеттик маалыматтык ресурстар аркылуу ыкчам текшерүүнү камсыздоого, кайра добуш берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууга жана шайлоонун натыйжаларына ишенимдин деңгээлин жогорулатууга шарт түздү.

Шайлоого даярдыктын алкагында бүткүл республика боюнча, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү (Түштүк Корея жана Россия Федерациясы) айрым шайлоо участокторунда, анын ичинде бардык 2492 шайлоо участогунда, ошондой эле кошумча 3 аралыктан добуш берүү участогунда жана чет өлкөлөрдөгү 6 шайлоо участогунда жабдууларды, байланыш каналдарын жана программалык камсыздоону комплекстүү текшерүү боюнча **бир катар тесттик иш-чаралар** өткөрүлдү. Бул добуш берүү күнүнө чейин ыктымалдуу техникалык тобокелдиктерди айкындоого жана өз убагында жоюуга мүмкүндүк берди.



**Шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча маалыматтарды автоматтык эсептөөчү урнадан (АЭУ) борбордук серверге чет өлкөлөрдөгү шайлоо участокторунан автоматтык түрдө жөнөтүү биринчи жолу ишке ашырылды.**

Шайлоо процессинин катышуучуларынын максималдуу ачыктыгын жана маалымдуулугун камсыз кылуу үчүн добуш берүү күнү

**шайлоочулардын катышуусу жөнүндөгү маалыматтарды саат сайын автоматтык түрдө жарыялоо** уюштурулду.

Шайлоо участоктору жана аймактар боюнча добуш берген жарандардын саны жөнүндө маалыматтар автоматтык режимде түзүлүп, “Тизме” порталында реалдуу убакыт режиминде жарыяланды. Аталган механизм коомчулуктун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана байкоочулардын добуш берүүнүн жүрүшү жөнүндө актуалдуу маалыматтарга ыкчам жетүүсүн камсыздап, шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун жогорулатууга жана шайлоонун жыйынтыгына ишенимди бекемдөөгө өбөлгө түздү.

Андан тышкары шайлоо процессинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу максатында шайлоо участокторунда добуш берүүнүн жүрүшүнө жана добуштарды саноо процессине визуалдык контролду камсыз кыла турган **видеофиксация системасы** колдонулду. Видеожабдуу шайлоочулардын эрк билдирүүсүнүн купуялуулугун бузбастан мыйзамдардын талаптарына ылайык колдонулуп, шайлоо процессинин катышуучуларынын, байкоочулардын жана коомчулуктун ишенимин бекемдөөгө өбөлгө болду.



Шайлоо участокторунан онлайн-трансляциялар үчүн платформаны түзүү шайлоо процессинин ачыктыгын бир кыйла жогорулатууга

мүмкүндүк берди. Платформа КР БШК тарабынан ыкчам мониторинг жүргүзүү жана шайлоо мыйзамдарын ыктымалдуу бузууларды фиксациялоо үчүн да колдонулду.

Жалпысынан **5676** автоматтык эсептөөчү урна, **6577** принтери бар идентификациялоочу түзүлүш жана **2749** видеофиксациялоо камералары пайдаланылды. Заманбап технологияларды колдонуу **шайлоолорду техникалык жактан коштоонун сапаттуу жаңы деңгээлин** камсыз кылууга, алардын ачык-айкындуулугун, технологиялуулугун жана демократиялык шайлоолорду өткөрүүнүн заманбап эл аралык стандарттарына шайкештигин жогорулатууга мүмкүндүк берди.

## 1.4. Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо

Талапкерлерди көрсөтүү этабында жалпысынан **589 жарандан жана 3 саясий партиядан** шайлоого катышуу жөнүндө билдирүүлөр келип түштү.

Берилген документтерди текшерүү “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу төмөнкү суроо-талаптарды жөнөтүү жолу менен жүргүзүлдү:

- соттуулугу бар же жок экендиги, кылмыш жоопкерчилигине тартуу фактылары жана уюшкан кылмыштуу топко тиешеси бар экендиги тууралуу маалыматтардын бар экендиги жөнүндө – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен;
- жогорку кесиптик билими жөнүндө документтердин бар экендиги жана аныктыгы жөнүндө – Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинен;
- паспорттук маалыматтар, жарандуулук жана жашаган жери жөнүндө – КР Санариптик өнүктүрүү министрлигинен;
- саясий партиялардын каттоо статусу жөнүндө – КР Юстиция министрлигинен;
- диний уюмдардын ишмердигине катышуусу жөнүндө – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктен;
- өлкөдөн чыгуу жана өлкөгө кирүү фактылары жөнүндө – Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынан;
- күчүнө кирген сот актылары жөнүндө – КР Жогорку Сотунан.

**56 талапкерге** каттоодон баш тартылды. Баш тартууга негиздер төмөнкүчө бөлүштүрүлдү:

- атайын шайлоо эсебин ачпагандыгы – 20 учур;

- шайлоо төгүмүн төлөбөгөндүгү – 14;
- акыркы 5 жылда өлкөдө туруктуу жашагандыгы тууралуу талапка туура келбегендиги – 11;
- соттуулугунун, уюшкан кылмыштуу топко катышы бар экендиги тууралуу маалыматтардын болушу – 8;
- диний ишмердиги токтотулгандан кийинки беш жылдык мөөнөт тууралуу талапка туура келбегендиги – 2;
- жогорку кесиптик билим жөнүндө документти бербегендиги – 1.

**КАТТООДОН БАШ ТАРТУУГА НЕГИЗДЕР**




| НЕГИЗ | САНЫ | ҮЛҮШҮ |
|---|---|---|
| атайын шайлоо эсебин ачпагандыгы | 20 | 35,7 % |
| шайлоо төгүмүн төлөбөгөндүгү | 14 | 25,0 % |
| КР УКМК Чек ара кызматынан алынган маалыматтар | 11 | 19,6 % |
| КР Ички иштер министрлигинен алынган маалыматтар | 8 | 14,3 % |
| КР Дин иштери боюнча улуттук агенттиктен алынган маалыматтар | 2 | 3,6 % |
| жогорку кесиптик билим жөнүндө документти бербегендиги | 1 | 1,8 % |

Баш тартуулардын 60 пайыздан ашыгы шайлоого катышуу боюнча финансылык жана административдик талаптардын сакталбагандыгы менен шартталган.

Шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө **62 талапкер** шайлоого катышуудан баш тартты. Жазуу жүзүндөгү арыздардын негизинде **4 талапкердин** каттоосу жокко чыгарылды.

Документтерди текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча **467 талапкер**, анын ичинде “Ынтымак” саясий партиясынан 9 талапкер катталды.

## ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КӨРСӨТҮҮ ЖАНА КАТТОО

| КӨРСӨТҮЛДҮ | КАТТАЛДЫ |
|---|---|
| **589** | **467** |
| 365 эркек 62,0% 224 аял 38,0% | 276 эркек 59,1% 191 аял 40,9% |

Андан кийин, добуш берүү күнүнө чейин, 7 талапкер шайлоого катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз берди. Ошентип, **шайлоо бюллетендерине киргизилген талапкерлердин акыркы тизмесине 460 талапкер кирди.**

### 1.5. Шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт

Шайлоо алдындагы үгүткө катышуу үчүн **137 ЖМК аккредитацияланды**, алардын ичинен: басылмалар - 37, телеканалдар - 41, радиостанциялар - 19, интернет-басылмалар - 40.

Талапкерлер документтерди тапшырган учурдан тартып, БШК шайлоо өнөктүгүн маалыматтык коштоону, анын ичинде талапкерлердин сүрөттөрү менен пресс-релиздерди даярдап, расмий сайтка жана социалдык тармактагы баракчаларга жайгаштырууну камсыз кылды.

Маалыматтык материалдарды жана видеороликтерди өлкө боюнча LED-экрандарга жана баннерлерге жайгаштыруу боюнча иш жүргүзүлдү. Телекөрсөтүү жана радио, сырткы жарнак аянтчалары жана коомдук транспорт аркылуу шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана жарандардын шайлоо комиссияларына кайрылуу тартиби жөнүндө маалымат таратылды.

Жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу шайлоочулар арасында аралыктан добуш берүү маселелери, жарандардын шайлоого активдүү катышуусунун зарылдыгы, “бир шайлоочу – бир добуш” принциби, ошондой эле шайлоо системасындагы жаңы өзгөртүүлөр жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын жаңы редакциясы боюнча маалымдоо-түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

КР БШКнын 2025-жылдын 29-августундагы № 66 токтому менен “Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери боюнча жумушчу топ жөнүндө, ошондой эле үгүт эрежелери жөнүндө” жобо (Жумушчу топ) бекитилди.

КР БШК мүчөлөрүнөн жана кызматкерлеринен, ошондой эле тартылган медиаэксперттерден турган Жумушчу топ шайлоочуларды жана шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо менен алектенди, ошондой эле маалыматтык мейкиндикке, анын ичинде социалдык тармактарга мониторинг жана үгүт эрежелеринин сакталышына көзөмөл жүргүздү.

## 1.6. Аралыктан добуш берүү

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр шайлоочуларды локалдык (автономдуу) идентификациялоодон реалдуу убакыт режиминде онлайн-идентификациялоого өтүү үчүн негиз түздү. Бул чечим шайлоо процессин модернизациялоонун негизги элементи болуп, шайлоочунун катталган жерине аймактык байланышын шарттаган чектөөлөрдү жоюуга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы № 272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгына ылайык **аралыктан добуш берүү формасы** колдонулду.

Ал шайлоочуларга өзүнүн шайлоо округунан тышкаркы каалаган шайлоо участогунда анык турган жери боюнча тиешелүү округдун бюллетенин автоматтык түрдө түзүү жана басып чыгаруу менен добуш берүүгө мүмкүндүк берди. Ошону менен бирге добуш берүүнүн жашыруундугу принцибинин сакталышы, шайлоочуну идентификациялоонун аныктыгы жана добуштарды эсепке алуунун тууралыгы камсыз кылынды.

Аралыктан добуш берүү аркылуу өзүнүн шайлоо укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн **190 030 жаран** пайдаланды, бул добуш бергендердин жалпы санынын 12 пайызын же добуш берген ар бир сегизинчи шайлоочуну түздү.

**Аралыктан добуш берүү үч форматта колдонулду**:

- КРнын аймагындагы 2492 шайлоо участогунда;
- 34 мамлекеттеги 100 чет өлкөлүк шайлоо участогунда;
- жарандар көп топтолгон жерлерде, соода борборлорунда, аэропорттордо жана базар комплекстеринде аралыктан добуш берүү үчүн атайын түзүлгөн 27 шайлоо участогунда.




Аралыктан добуш берүү шайлоо участогу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын № 21 мекемесинин базасында да уюштурулду. Добуш берүүгө камакка алынган айыпталуучулардын жана шектүүлөрдүн арасынан **508 шайлоочу** катышты.

## 1.7. Майыптыгы бар адамдардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу

Ар бир шайлоо участогу боюнча майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждык карталары түзүлгөн, анда майыптыктын түрү жана жардамдын зарыл формасы көрсөтүлгөн.

2025-жылдын 30-ноябрына карата муктаждык карталарына 17 346 адам, анын ичинде 9196 эркек (53,02%) жана 8150 аял (46,98%) киргизилген.




Брайль шрифтин пайдалануу менен 75 540 нускада шайлоо бюллетендери даярдалды, ар бир шайлоо участогу 30 округ-боюнча бардык талапкерлердин бюллетень комплекттери менен камсыздалды.

2518 даана универсалдуу трафареттер жана 3000 нускада маалыматтык брошюралар даярдалды.

Шайлоо мезгилинде КР БШКнын колл-борборуна **майыптыгы бар адамдардын арасынан 10 оператор** ишке тартылды. Алар майыптыгы бар шайлоочулар менен сурдокотормо жана видео аркылуу байланышты камсыз кылды.

**2280 шайлоо участогунда пандустар орнотулду,** бул 91,5 пайызды түздү. 178 шайлоо участогунда пандустарды орнотуу зарылчылыгы жок, анткени майыптыгы бар шайлоочулар үчүн тоскоолдуксуз кирүү камсыз кылынган. 34 шайлоо участогунда (1,4%) пандустар орнотулган эмес.

Шайлоо участокторун пандустар менен камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирерин жана КР БШКнын өзгөчө милдети катары каралышы мүмкүн эмес экенин белгилей кетүү зарыл. Бул багытта бардык ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын комплекстүү өз ара аракеттенүүсү талап кылынат.

## 1.8. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 33-беренесинде ден соолугунун абалы же майыптыгы боюнча шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар үчүн, ошондой эле ооруканаларда, шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды камакта кармоочу жайларда, алыскы жана барууга кыйын райондордо жана алыскы мал чарба участокторунда убактылуу жашаган жарандар үчүн жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгү каралган.

Шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо мыйзамдарында каралган негиздер боюнча шайлоо участогуна келүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгон **9364 жарандын** активдүү шайлоо укугун ишке ашыруу камсыз кылынды. Бул участкалык шайлоо комиссияларына келип түшкөн 10335 арыздын **90,6 пайызын** түздү.

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү 2025-жылдын 29-ноябрында, добуш берүү күнүнө чейин бир календардык күн калганда, саат 8:00 - 20:00 убакыт аралыгында жүргүзүлдү.

Арыздар добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен кабыл алынды. КРнын аймагындагы 2492 участкалык шайлоо комиссиясынын ичинен **1324нө** арыздар келип түшкөн, бул 53,1 пайызды түздү.

Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочулар төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү:

- ден соолугунун абалы боюнча - 3591;
- жаш курагы боюнча - 3323;
- майыптыгы боюнча -1933;
- мыйзамда каралган башка категориялар боюнча – 517.




## 1.9. Чет өлкөдө добуш берүү

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги (КР ТИМ) менен биргеликте шайлоо алдындагы мезгилде чет өлкөлөрдө жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча комплекстүү чаралар ишке ашырылды.

КР ТИМдин сунушу боюнча дүйнөнүн 34 өлкөсүнүн 89 шаарында 100 шайлоо участогу түзүлдү. 2021-жылдагы шайлоодо 59 шайлоо участогу болгон.

Шайлоо участоктор Түркияда (8), Казакстанда (7), Америка Кошмо Штаттарында (6), Түштүк Кореяда (4), Италияда (3), экиден участок Германияда, Кытайда, Бириккен Араб Эмираттарында, Сауд Арабиясында жана бирден участок 24 өлкөдө ачылды. Шайлоо участоктору алгачкы жолу Монголияда, Болгарияда, Словакияда, Польшада жана Чехияда түзүлдү.

Россия Федерациясынын 31 шаарында шайлоо участокторунун саны 40ка чейин көбөйтүлдү, анын ичинен 15 шаарда биринчи жолу түзүлдү.

**Чет өлкөлөрдө добуш бергендердин саны 2021-жылы 9826** шайлоочу болсо, **2025-жылы** 16240 шайлоочуга көбөйүп, **26066** шайлоочуну түздү. Бул мурунку шайлоолордун көрсөткүчүнөн 2,5 эсе көп.

Эң көп активдүүлүктү төмөнкү өлкөлөрдөгү шайлоочулар көрсөтүштү: Россия Федерациясы (19410 адам); Европа өлкөлөрү (2808 адам); КМШ өлкөлөрү (1866 адам); Азия өлкөлөрү (812 адам); Америка Кошмо Штаттары (623 адам); Перс булуңунун өлкөлөрү (547 адам).

Чет өлкөдө жүргөн жарандардын шайлоого катышуусунун өсүшүнө аралыктан добуш берүүнү колдонуу жана консулдук каттоого турбастан добуш берүү мүмкүнчүлүгү негиз болду.



## 1.10. Шайлоону каржылоо, шайлоо фонддору

2025-жылдын 14-октябрындагы № 890-т сандуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемесине ылайык КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасы **757,0 млн сом өлчөмүндө** бекитилди. Көрсөтүлгөн сумманын ичинен **58,0 млн сом** КР ТИМге чет өлкөлөрдөгү жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыздоо үчүн бөлүндү.

Иш жүзүндө **647,7 млн сом сарпталды, үнөмдөө 109,3 млн сомду түздү.**

Шайлоо процессин каржылоо жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык, мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун ачык-айкындуулук жана натыйжалуулук принциптерин сактоо менен уюштурулду.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин талаптарына ылайык жарандар талапкер болуп көрсөтүлгөн учурдан тартып шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өздөрүнүн **шайлоо фонддорун** түзүштү.

Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу пайдаланылып, **шайлоо төгүмүнө** жана шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан

чыгымдарды жабуу үчүн колдонулду. Талапкерлердин шайлоо төгүмдөрү республикалык бюджетке толук көлөмдө которулду.

Талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине түшкөн жана сарпталган каражаттар жөнүндө маалыматтар **“Финансылык ачык-айкындуулук”** автоматташтырылган маалымат системасы (АМС) аркылуу **“е-Талапкер”** АМСнын веб-сайтында реалдуу убакыт режиминде чагылдырылып турду.

Бул система “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу жеке маалыматтарды, банктык сырды коргоо боюнча талаптарды эске алуу менен, ыйгарым укуктуу банк мекемелеринен толук банктык маалыматтарды КР БШКнын сайтына автоматтык түрдө чагылдыруу, ошондой эле талапкерлердин жана саясий партиялардын финансылык отчётторун түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды.

КР БШКнын депозиттик эсебине талапкерлерден келип түшкөн шайлоо төгүмдөрүнүн жалпы суммасы **147 080 000 сомду** түздү.




Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарын түзүү жана сарптоо тартибин көзөмөлдөө, ошондой эле

алардын финансылык отчетторун текшерүү үчүн КР БШКнын алдында 9 адамдан турган көзөмөлдөө-текшерүү тобу (КТТ) түзүлдү.

КТТ өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана сарпталышын эсепке алуу эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөдү.

Алынган банктык маалыматтарга ылайык шайлоо мезгилинде талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерине **1 млрд 805,6 млн сом** келип түштү.




Ар бир шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттардын жана чыгымдарынын суммалары мыйзамдын талаптарына жооп берүү менен бир талапкерге 20 млн сом суммасындагы жогорку чектик өлчөмдөн ашкан жок.

451 талапкер (өзүн өзү көрсөткөн), ошондой эле “Ынтымак” саясий партиясы 9 талапкери боюнча бардык баштапкы документтердин түп нускалары менен жыйынтыктоочу финансылык отчетторун тапшырды.

## 1.11. Эл аралык кызматташтык жана шайлоого байкоо жүргүзүү

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо дүйнөнүн 58 өлкөсүнөн 788 эл аралык байкоочу аккредитацияланды. Алардын ичинде:

- чет өлкөлөрдүн борбордук шайлоо органдары – 20 мамлекеттен (Азербайжан, Армения, Беларусь, Болгария, Босния жана Герцеговина, Венесуэла, Египет, Грузия, Индия, Индонезия, Казакстан, Мальдив Республикасы, Молдова, Монголия, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Түркия, Өзбекстан, Филиппин) 39 өкүл;
- 11 эл аралык уюмдан жана парламенттик бирикмеден 680 өкүл, анын ичинде ЕККУ ДИАУБдан 274 байкоочу;
- Кыргыз Республикасында аккредитацияланган 18 элчиликтен, анын ичинде Астана жана Ташкент шаарларында резиденциясы бар элчиликтерден 69 өкүл.

Эл аралык байкоону Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ), Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ), Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ), Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмдун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунун (ЕККУ ДИАУБ), Ислам кызматташтык уюмунун (ИКУ), Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин Парламенттер аралык Ассамблеясынын (КМШ ПАА), Түрк мамлекеттеринин Парламенттик ассамблеясынын (ТүркПА), Жамааттык коопсуздук боюнча келишим уюмунун Парламенттик ассамблеясынын (ЖККУ ПА), Европа Кеңешинин Парламенттик ассамблеясынын (ЕК ПА), ЕККУнун Парламенттик ассамблеясынын (ЕККУ ПА), ошондой эле Россия Федерациясынын Коомдук палатасынын миссиялары жүзөгө ашырды.



Шайлоо алдында КР БШКнын төрагасы Т.У. Шайназаровдун эл аралык байкоочулар менен жолугушуулары жана брифинг өткөрүлүп, шайлоону даярдоо жана өткөрүү, жаңы шайлоо системасынын өзгөчөлүктөрү, заманбап технологияларды колдонуу жөнүндө кеңири маалымат берилди.




Аралыктан добуш берүүнү киргизүү, реалдуу убакыт режиминде шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоону колдонуу, шайлоо участокторунда бюллетендерди автоматтык түрдө басып чыгаруу, видеобайкоо системасы, ошондой эле чет өлкөлүк шайлоо участокторунан алынган маалыматтарды КР БШКнын борбордук серверине автоматтык түрдө өткөрүү эл аралык байкоочулардын өзгөчө кызыгуусун жаратты.

КМШ, ШКУ, ТМУ, ТүркПА, ИКУнун эл аралык байкоочу миссиялары пресс-конференциялардын жүрүшүндө байкоонун алдын ала жыйынтыктарын жарыялап, добуш берүүнү уюштуруунун жогорку деңгээлин жана инновациялык технологиялардын колдонулгандыгын белгилешти.

Байкоонун жыйынтыктары боюнча эл аралык миссиялардын башчылары Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдары эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине ылайык келерин, эркин жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн жетиштүү укуктук негизди камсыз кыларын белгилеп, шайлоонун уюштурулушуна жана өткөрүлүшүнө жогорку баа беришти.




2025-жылдын 1-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров бир катар эл аралык байкоочу миссиялардын жетекчилери менен жолугушту. Анын жүрүшүндө шайлоонун жыйынтыктары талкууланды.

Мамлекет башчысы шайлоону даярдоодо эл аралык өнөктөштөрдүн сунуштары эске алынганын, ал эми шайлоо процессин санариптештирүү жана чет өлкөлөрдөгү жарандардын добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча ишке ашырылган чаралар шайлоонун жогорку деңгээлдеги жеткиликтүүлүгү менен ачыктыгын камсыздаганын баса белгиледи.



## 1.12. Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

Мыйзамдардын талаптарын сактоо жана жарандардын шайлоо укуктарын коргоо максатында КР БШК мыйзам бузууларга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп, көрүлгөн чаралар тууралуу расмий сайттагы “Реестрлер” бөлүмүндө ыкчам маалымдап турду.

Борбордук жана округдук шайлоо комиссияларынын деңгээлинде шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн турган **Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтор** (ЫАКТ) түзүлдү.

ЫАКТ шайлоо мыйзамдарын бузууларга ыкчам чара көрүп, шайлоо комиссиялары жана укук коргоо органдары тарабынан көрүлүп жаткан чаралар тууралуу коомчулукка маалымат берип турду.

Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ЫАКТга **274** мыйзам бузуу тууралуу маалымат келип түштү.







Шайлоо мыйзамдарын **бузуунун 76 фактысы** боюнча (шайлоо алдындагы үгүт шарттарын бузуу, талапкерлер жөнүндө жалган

маалыматтарды таратуу ж.б.) Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык **731 000 сом суммасында административдик айып пулдар** салынды.

Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү жана шайлоо фондунун каражаттарын пайдалануу талаптарын бузгандыгы үчүн **6 талапкерге эскертүү берилди**, ошондой эле талапкерлерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө ички иштер органдарынын **үч өтүнмөсү канааттандырылды.**

Талапкерлерди каттоодон баш тартылгандыгына байланыштуу КР БШКнын 9 чечими боюнча сотко доо арыздар берилди.

Биринчи инстанциядагы сотто 8 иш боюнча БШКнын чечимдери күчүндө калтырылды, 1 иш боюнча доо арызды канааттандыруудан баш тартылды. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда биринчи инстанциядагы соттун 6 чечими даттанылып, алардын бардыгы күчүндө калтырылды.

КР БШК тарабынан кабыл алынган 9 чечим сот тартибинде даттанылып, аларды жокко чыгаруу талабы коюлду (каттоону жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгаруу жөнүндө).

Биринчи инстанциядагы сотто 9 иш боюнча БШКнын чечимдери күчүндө калтырылды.

Жогорку сотто биринчи инстанциядагы соттун бардык 9 чечими даттанылып, күчүндө калтырылды.

## 1.13. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо



2025-жылдын 30-ноябрында добуш берүүдө **1 584 446 жаран** катышып, бул шайлоочулардын жалпы санынын **36,9 пайызын** түздү. Алардын ичинен **190 030 жаран** аралыктан добуш берди, бул катышкан шайлоочулардын жалпы санынын 12 пайызын түздү.

Шайлоочулардын катышуусу жөнүндө маалыматтар участоктор жана аймактар боюнча КР БШКнын Маалыматтык шайлоо тутуму (https://ess.shailoo.gov.kg/) сайтында саат сайын жарыяланып турду. Добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары добуш берүү аяктагандан кийин саат 20:00дөн тартып жарыялана баштады. Видеотрансляция жана маалыматтарды ыкчам жарыялоо шайлоо процессинин ачыктык жана айкындуулук принциптерин иш жүзүндө камсыз кылды.

2025-жылдын 5-декабрынан 8-декабрына чейин КР БШК ОШКлардын протоколдорунун негизинде 29 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча КР ЖК депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжаларын бекитти. 2025-жылдын 12-декабрында мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык 87 шайланган депутат катталды. 2025-жылдын 17-декабрында катталган депутаттарга алардын ыйгарым укуктарын тастыктаган ырастамалар жана төш белгилер тапшырылды.



Ошону менен бирге КР БШКнын 2025-жылдын 3-декабрындагы №161 токтому[3] менен № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча КР

[3] Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 3-декабрындагы № 161 “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодогу № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө” токтому

ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары жараксыз деп табылды. Бул чечимге аталган округда шайлоо мыйзамдарын бузуулар жөнүндө арыздар жана даттануулар негиз болду.

Текшерүүнүн жыйынтыгында 35 шайлоо участогунда байкоочу катары катталган талапкерлердин өкүлдөрү добуш берүү күнү мыйзамсыз түрдө камераларды орнотуп, идентификациядан өтүүдө, бюллетендерди алууда жана толтурууда шайлоочулардын аракеттерине көзөмөл жүргүзгөндүгү аныкталды. Бул добуш берүүнүн жашыруундуулугу жана жарандардын эркин билдирүү принциптеринин бузулушуна алып келген.

Андан соң укук коргоо органдары тарабынан берилген материалдардын негизинде КР БШК 2025-жылдын 3-декабрындагы № 161 токтомун жана талапкерлердин биринин жыйынтыгын жокко чыгарып, эң көп добуш алган талапкерлерди шайланган депутаттар деп тааныды. Ушуга байланыштуу кайра шайлоону дайындоо жөнүндө чечим жокко чыгарылды.

Бардык материалдарды кароонун жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуунун жыйынтыгында КР ЖКнын толук курамы түзүлдү.

Шайлоочулардын же шайлоо процессинин башка катышуучуларынын ар бир арызы же/жана даттануусу белгиленген тартипте каралгандыгын белгилей кетүү керек. Ар бир тастыкталган факт боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чаралар көрүлдү.

Добуш берүү күнү шайлоо жабдуулары жана техникалык каражаттар добуш берүүнүн үзгүлтүксүз өтүшүн камсыздап, штаттык режимде иштеди. Катталган техникалык мүчүлүштүктөр адистер тарабынан ыкчам жөнгө салынып, шайлоо процессинин жалпы жүрүшүнө таасир эткен жок.

Бардык шайлоо участокторунда видеобайкоо системасы иштеп, байкоочулар, коомдук уюмдардын жана ЖМКлардын өкүлдөрү катышты. Бул КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону коомдук көзөмөл шартында, шайлоо процессиндеги ачыктык, ишенимдүүлүк жана айкындуулук принциптерин сактоо менен өткөрүүгө мүмкүндүк берди.

# 2-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗДОО ЖАНА ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ

2025-жылы КР БШК шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктук маданиятын жана электоралдык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган чаралар комплексин ишке ашырууну камсыз кылды. Жүргүзүлгөн иштер шайлоо процессинин катышуучуларынын кеңири чөйрөсүн – талапкерлерди, саясий партиялардын өкүлдөрүн, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, жаш жарандарды камтыды жана улуттук деңгээлде, ошондой эле эл аралык электоралдык кызматташтыктын алкагында жүзөгө ашырылды.




## 2.1. Талапкерлерди жана саясий партиялардын өкүлдөрүн укуктук агартуу

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого даярдык көрүүнүн алкагында талапкерлер, саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү үчүн шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бирдей түшүнүүнү камсыз кылууга багытталган окутуу семинарлары уюштурулду жана программасы төмөнкү багыттарды камтыды:

- шайлоо мыйзамдарындагы акыркы өзгөртүүлөр;
- талапкерлердин жана партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартиби;

- шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү;
- шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчилик.

Иш-чаранын жыйынтыгы боюнча ар бир катышуучу шайлоо мыйзамдарындагы актуалдуу өзгөртүүлөрдү чагылдырган методикалык колдонмону алды.

2026-жылга өлкөнүн бардык региондорунда 10 миңден кем эмес жаранды камтыган маалыматтык-агартуучулук семинарларды өткөрүү, ошондой эле кыргыз жана орус тилдеринде социалдык тармактарда жалпы көрүүлөрдүн саны 500 миңден кем болбогон билим берүүчү видеороликтерди даярдоо жана жайылтуу пландаштырылды.

## 2.2. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуу

Коопсуздукту камсыздоо шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдөн жана добуш берүүдөн тартып добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого чейинки бардык этаптарда шайлоо процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

2025-жылдын октябрында КР БШК республиканын бардык облустарында жана Бишкек шаарында бир нече адистештирилген семинарларды өткөрдү, аларга ички иштер органдарынын 650 кызматкери, прокуратура жана улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлери катышты. Семинарлардын тематикасы төмөнкүлөрдү камтыды:

- КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун өзгөчөлүктөрү;
- шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчилик;
- шайлоону өткөрүүнүн жүрүшүндө арыздарды жана даттанууларды кароонун тартиби;
- жарандардын шайлоо укуктарынын бузулушуна бөгөт коюу боюнча чаралар.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн “Ички иштер органдарынын кызматкерлерине эскертме” жана “Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузуу үчүн юридикалык жоопкерчилик боюнча колдонмо” иштелип чыкты.

Окутуу семинарлары укук коргоо органдарынын кызматкерлерин укуктук даярдоону, шайлоо мыйзамдарын бузууларга чара көрүүнүн алгоритмдерин иштеп чыгууну жана укук коргоо түзүмдөрү менен бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын ортосундагы координацияны бекемдөөнү камсыз кылды.

## 2.3. Шайлоо процессинде гендердик теңчиликти камсыздоо

Шайлоо процессине аялдардын тең катышуусун камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясынын артыкчылыктарынын бири болуп саналат. КР БШК маалыматтык-билим берүү өнөктүктөрү жана окутуу семинарлары аркылуу бул артыкчылыкты практикада ырааттуу ишке ашырууда.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 64-беренеси менен мандаттарды бөлүштүрүүдө бир жыныстагы өкүлдөргө бир округ боюнча экиден ашык мандат бөлүнүшү мүмкүн эместиги, ошондой эле шайлоонун жыйынтыгы боюнча жалпы 90 депутаттык мандаттын кеминде 30у бир жыныстагы депутаттарга таандык болууга тийиш экендиги бекитилген.

КР ЖКнын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо катталган талапкерлердин арасында аялдардын үлүшү 41 пайызды түздү. VIII чакырылыштагы Жогорку Кеңештин курамындагы аял депутаттардын үлүшү 34,4 пайызды түздү, бул мурунку чакырылыштын көрсөткүчүнөн 13,3 пайыздык пунктка жогору. Мындай динамика квоталоонун мыйзамдык механизмдеринин жана мамлекеттик башкаруу системасынын шайлануучу органдарында аялдардын өкүлчүлүгүн камсыздоо боюнча мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун тастыктайт.



## 2.4. Жаштардын электоралдык сабаттуулугун жогорулатуу

Жаштар аудиториясы КР БШКнын агартуучулук ишинин стратегиялык артыкчылыктарынын бири бойдон калууда. КР ЖК депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо шайлоочулардын акыркы тизмесиндеги 18-35 жаштагы жаш шайлоочулардын үлүшү шайлоочулардын жалпы санынын 42,2 пайызын түздү.

2025-жылы КР БШК Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору аркылуу “Жаш жарандын мектеби” программасын ишке ашырды. Программанын алкагында жаш шайлоочулар шайлоону өткөрүүнүн тартиби жана шайлоо процессинин айкындуулугун жана натыйжалардын аныктыгын камсыз кылуучу шайлоо технологиялары тууралуу практикалык билим алышты.

Бүгүнкү күндө 18ден 35 жашка чейинки курактагылар шайлоочулардын маанилүү категорияларынын бири болуп саналгандыктан, алардын жарандык активдүүлүгүн жогорулатуу КР БШКнын приоритеттүү багыттары болуп саналат.

Буга байланыштуу жаштардын шайлоо процессине катышуусун кеңейтүүгө багытталган бир катар иш-чаралар пландаштырылды:

- 5 минден кем эмес студентти камтыган 10 жогорку окуу жайында жана 10 колледжде “Шайлоо элчилери” программасын киргизүү;
- “Менин добушум – өлкөнүн келечеги” аттуу жаштар долбоорлорунун республикалык конкурсун өткөрүү.



## 2.5. Ысык-Көл эл аралык электоралдык форуму

2025-жылдын 26-27-июнунда Чолпон-Ата шаарында өткөн “Шайлоого катышуунун заманбап ыкмалары: теориядан практикага” аттуу эл аралык Ысык-Көл электоралдык форуму 2025-жылдагы эл аралык күн тартибиндеги негизги окуялардын бири катары белгиленди.

Форум жарандардын шайлоо укуктарын коргоо чөйрөсүндө тажрыйбаны ачык алмашуу жана электоралдык катышуунун актуалдуу маселелери боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу үчүн аянтча болуп калды.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров форумдун катышуучуларына видеокайрылуу жасап, заманбап электоралдык механизмдерди өнүктүрүүнүн, жарандардын шайлоо процессине катышуусун жана шайлоо чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи.

Форумдун ишине Азербайжан, Беларусь, Грузия, Индия, Казакстан, Молдова, Монголия, Россия, Тажикстан, Түркия, Өзбекстан жана Эстониянын шайлоо органдарынын жетекчилери жана өкүлдөрү катышты.

Катышуучулардын катарында КМШ, ШКУ, ТМУ, КМШ ПАА, ТүркПА, ЖККУ ПА, БУУнун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү, ЕККУнун Бишкектеги программалык офиси, Шайлоо органдарынын бүткүл дүйнөлүк ассоциациясынын, мамлекеттик органдар жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү, ошондой эле шайлоо укугу жаатындагы эксперттер болду.



Форумдун алкагында “Шайлоону уюштуруучуларды окутуунун мыкты методикалары” жана “Жаштардын электоралдык процесске катышуусу” аттуу эки тегерек стол өткөрүлдү. Ошондой эле “Эл аралык шайлоо практикаларын улуттук контекстте адаптациялоо” деген темада пленардык сессия өттү.

Катышуучулар заманбап шайлоо системаларын өнүктүрүү, аралыктан добуш берүү, шайлоонун инклюзивдүүлүгүн камсыздоо, жеке маалыматтарды коргоо, жарандардын шайлоо институтуна болгон ишенимин жогорулатуу маселелерин талкуулашты.

Мындан тышкары, жаштардын электоралдык саясатын өнүктүрүү, шайлоолорду уюштуруу тажрыйбасын алмашуу жана жарандардын шайлоого катышуу механизмдерин өркүндөтүү маселелерине арналган КМШга катышкан мамлекеттердин Шайлоо органдарынын жетекчилеринин Консультативдик кеңешинин отуруму болуп өттү.

Форумдун ишинин жыйынтыгы боюнча 6 пунктту камтыган Резолюция кабыл алынды. Анда Ысык-Көл форумуна шайлоо органдарынын өз ара аракеттенүүсү үчүн эл аралык аянтча расмий макамын берүү демилгеси да камтылган.



# 3-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУ ПРАКТИКАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАМАЛАР

## 3.1. Шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү

“Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө” конституциялык Мыйзам 2016-жылы, башкача айтканда, колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы күчүнө киргенге чейин кабыл алынган. Бул убакыттын ичинде мамлекеттик түзүлүштүн конституциялык-укуктук модели өзгөрдү, шайлоо мыйзамдары өркүндөтүлдү, добуш берүүнүн заманбап технологиялары киргизилди.

Ушуга байланыштуу КР БШК конституциялык мыйзамдын долбоорун иштеп чыгууда төмөнкү багыттар боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүүнү маанилүү деп эсептейт:

- добуш берүүнү уюштуруу жана референдумдун жыйынтыгын чыгаруу ченемдерин колдонуудагы жол-жоболорго жана укуктук стандарттарга ылайык келтирүү;
- аралыктан добуш берүү механизмин жана шайлоочуларды онлайн-биометрикалык идентификациялоону киргизүү.

## 3.2. Шайлоо процессин өркүндөтүү

Алдыдагы шайлоолорду жана референдумдарды уюштуруу жана өткөрүү тартибин өркүндөтүү 2025-жылдагы шайлоонун тажрыйбасын эске алуу менен жүзөгө ашырылып, төмөнкү багыттарды камтыйт:

- талапкерлерди колдоо үчүн шайлоочулардын кол тамгаларын чогултуу, эсепке алуу жана сактоо, ошондой эле кол коюу барактарын жана отчёттук материалдарды түзүү үчүн автоматташтырылган маалыматтык системаны киргизүү;
- талапкерлер берген маалыматтардын аныктыгын жогорулатуу жана аларды текшерүү мөөнөттөрүн кыскартуу максатында ведомстволор аралык электрондук маалымат алмашууну пайдалануу аркылуу шайлоо документтерин текшерүү жол-жоболорун автоматташтыруу;
- шайлоочулардын айрым категориялары үчүн жана шайлоочулар көп топтолгон жерлерде шайлоо участокторун уюштуруу боюнча ведомстволор аралык координацияны күчөтүү.

## 3.3. Автоматташтырылган маалыматтык системаларды модернизациялоо

Шайлоо системасын комплекстүү модернизациялоо маалыматтык

системаларды андан ары өнүктүрүүнү жана шайлоо процесстерин автоматташтырууну караган бир катар технологиялык чечимдерди өзүнө камтыйт. 2026-жылга төмөнкүлөр пландаштырылды:

– референдумдардын жана шайлоолордун бардык түрлөрүндө реалдуу убакыт режиминде шайлоочуларды идентификациялоо процессин бирдейлештирүү;

– реабилитацияланбаган фактылар боюнча негиздерди эске алуу менен талапкерлерде соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтарды алмашуу үчүн ыйгарым укуктуу органдын маалыматтык системаларында талапкерлердин маалыматтарын текшерүүнүн автоматтык сервисин модернизациялоо;

– муктаждык картасын түзүү менен майыптыгы бар адамдар тууралуу маалыматтарды чогултуу жана талдоо боюнча негизги процесстерди автоматташтыруу;

– КР БШК тарабынан ыкчам мониторинг жүргүзүү жана укук бузуулардын бардык фактыларын каттоо максатында шайлоо участокторунан онлайн-трансляциялар үчүн платформаны өркүндөтүү.